**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

723500, Ош ш., Ленин к., 331
тел.: (+996 3222) 70712,
факс: (+996 3222) 70915
e-mail:edu@oshsu.kg www.oshsu.kg
Э/Сч. № 1290393230420323
Ошский филиал ОАО РСК Банк
ИСН 00207199610017

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ**

723500, г. Ош, ул. Ленина 331
тел.: (+996 3222) 70712,
факс: (+996 3222) 70915
e-mail:edu@oshsu.kg www.oshsu.kg
Р/Сч № 1290393230420323
«РСК Банк» ААКтын Ош филиалы
ИНН 00207199610017

# МААЛЫМАТ КАТ

## УРМАТТУУ КЕСИПТЕШТЕР!

Ош мамлекеттик университети Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент М. Алтыбаеванын 75 жылдыгына жана илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнүн 55 жылдыгына арналган **“МАТЕМАТИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮГӨ ЗАМАНБАП МАМИЛЕЛЕР ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАР”** аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияга катышууга чакырат.

Конференция 2025-жылдын 12-13-сентябрь күндөрү гибриддик форматта (онлайн жана офлайн) өтөт.

Конференциянын жумушчу тилдери: кыргыз, орус жана англис.

Конференциянын максаты: учурдун чакырыктарына ылайык жалпы, орто жана жогорку кесиптик математикалык билим берүүнүн көйгөйлөрүнүн чечимин издөө жана талкуулоо.

**Эл аралык илимий-практикалык конференциянын алдын ала иштелген программасы** https://maltybaeva-75.oshsu.kg/сайтына жайгаштырылган. Программанын акыркы варианты өтүнмөлөрдү, илимий макалаларды жана докладдарды кабыл алуу аяктагандан кийин түзүлүп, конференциянын катышуучуларына жөнөтүлөт.

**Баяндамаларды талдоо төмөнкү секцияларда уюштурулат:**

1. Санарип жана экологиялык трансформациянын шарттарында математикалык билим берүүнүн ресурстарын долбоорлоо жана пайдалануу.
2. Математикалык билим берүүнү санариптештирүү (окутууну жекелештирүүдө жасалма интеллекти колдонуу, онлайн окутуу жана санарип платформалар, санарип технологиялардын үйрөнүүчүлөрдүн предметке кызыгуусуна, мотивациясына таасири).
3. Математика жана туруктуу өнүгүү (жашыл экономика контексинде математика, математикалык билимдин окуп үйрөнүүчүлөрдүн туруктуу

өнүгүү проблемалары жөнүндө кабардар болуусуна таасири), математиканы окутууда туруктуу өнүгүү максаттарына (ТӨМ) ылайык инновациялар.

4. КРде 12 жылдык билим берүүгө өтүүдө педагогикалык адистерди даярдоо маселелери.
5. Модернизациялоо шарттарында билим берүүнү башкаруу.

Конференциянын жыйынтыгында актуалдуу деп табылган баяндамалардын материалдары рецензиядан өткөндөн кийин “Ош мамлекеттик университетинин жарчысы” илимий журналында жарыяланат. Журналда жарык көргөн бардык макалалар лицензиялык келишимге (№564-10/2016) ылайык РИНЦ (Российский индекс научного цитирования) системасына, ELIBRARY.RU илимий электрондук китепканасына катталат.

Макала антиплагиат системада текшерилип (оригиналдуулук даражасы 70% кем эмес), рецензиялоо этаптарынан өткөндөн жана редакциялык кеңеш тарабынан жактырылгандан кийин жарыялоого кабыл алынат.

Жарыялоо үчүн төлөм ата мекендик авторлорго бир бетине 200 сом. Чет элдик авторлор үчүн конференцияга катышуу акысыз.

Конференцияга катышуу үчүн **2025-жылдын 5-июнуна** чейин https://maltybaeva-75.oshsu.kg/ сайты аркылуу каттоодон өтүү зарыл (өтүнмөнүн формасын толтуруунун үлгүсү ушул сайтка жайгаштырылган). **Макалаларды кабыл алуунун акыркы мөөнөтү – 10.06.2025.**

**Эскертүү:** катышуучулардын жол кире жана мейманканаларга жайгашуу чыгымдары жиберүүчү тараптын эсебинен төлөнөт.

## КАТЫШУУ ФОРМАСЫ

- пленардык отурумда баяндама жасоо (20 мүн.);
- секциялык иштерде баяндама жасоо (15 мүн.);
- конференциянын жыйнагына макаланы жарыялоо менен дистанттык формада катышуу мүмкүнчүлүгү да бар. Басмадан чыккан материалдарды таркатуу жоопкерчилигин уюштуруу комитети өз мойнуна алат.

## КОНФЕРЕНЦИЯ ӨТҮҮЧҮ ЖАЙ

Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Ленин көчөсү 331,
ОшМУнун башкы корпусу

## УЮШТУРУУЧУ - ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

## КОНТАКТТАР

**Электрондук дарек:** tomiiom.mit@gmail.com
**Сайт:** https://maltybaeva-75.oshsu.kg
**Телефондор:** +996 777314906 *Сооронбаева Каухар*
+996 773124306 *Авазова Элнура*

**ТИРКЕМЕ**

Талаптарга ылайык даярдалган макалалар уюштуруу комитетине tomiiom.mit@gmail.com электрондук дареги боюнча жөнөтүлөт, системага жүктөлгөн макала менен файл Microsoft Word форматында берилиши керек. Макала үлгүгө ылайык даярдалышы керек:

УДК (универсалдуу ондук классификация) биринчи бетинде жогорку сол бурчта - 12 шрифт https://teacode.com/online/udc/index.html

**Дизайн илимий макала жазылган тилден башталат.**

МАКАЛАнын аталышы (кыргыз, орус жана англис тилдеринде) ортого баш тамгалар менен, калың шрифт, өлчөмү - 12.

**Автордун фамилиясы, аты, атасынын аты** кыскартуусуз 3 тилде кыргыз, орус жана англис тилдеринде (чет элдик авторлор үчүн кыргыз тилинде милдеттүү түрдө) көрсөтүлүшү керек, **илимий даража, илимий наам**, **электрондук дареги, ORCID** оңго тегизделген, шрифт өлчөмү - 12, курсив. **Уюмдун толук аталышы, шаары, өлкөсү** кыргыз, орус жана англис тилдеринде жазылат. Эгерде макаланын бардык авторлору бир мекемеде иштесе, ар бир автордун иштеген жерин өзүнчө көрсөтпөй коюуга болот.

**Аннотация** кыргыз, орус жана англис тилдеринде: көлөмү 200 сөздөн кем эмес, макаланын кыскача мазмунун чагылдырат, текст туурасына карай тегизделет, шрифт өлчөмү - 10, курсив.

**Негизги сөздөр** үтүр (,) белгисин колдонуу менен кыргыз, орус жана англис тилдеринде (5-8 сөз) - тексттин туурасына карай тегизделет, шрифт өлчөмү - 10, курсив.

**Макаланын көлөмү** 6-8 бет, анын ичинде адабияттардын тизмеси макаланын аягында алфавиттик тартипте жайгаштырылат, ГОСТ 7.1-2003 https://etu.ru/assets/files/GOST_7.1-2003_Prilozhenie.pdf талаптарга ылайык, шрифт өлчөмү – 10.

Шилтемелер - төрт бурчтуу кашаа түрүндө берилет [4, б.54], мында биринчи цифра адабияттардын тизмесине ылайык булактын номерин, ал эми экинчиси – бетин көрсөтөт, же [2], [3].

Тексттеги формулалар жана символдор (калың эмес) Equation Editor же Math Type редакторунда терилиши керек. Тексттеги кыскартылган аталыштар чечмеленүүгө тийиш, формулалар саптын аягында оң жагында кашаанын ичинде номерленет (1).

**Электрондук форматтагы макаланын милдеттүү параметрлери:**

- Microsoft Word форматындагы файл, *.rtf, *.docx;
- Шрифт Times New Roman, Тамга KIT (кириллица), өлчөмү - 12, сап аралыктары - 1, беттин четтери үстү жана асты - 2 см, сол - 2 см, оң - 2 см;
- абзацка чегинүү - 1,15 см («пробел» клавишасын колдонуу менен абзацка чегинүүгө жол берилбейт), интервал 1,15, интервалды тыгыздоого тыюу салынат, номер коюлбайт.

**Таблицалардын жана фигуралардын дизайны:**

- ар бир графикалык материал (таблицалар, сүрөттөр, диаграммалар, схемалар) номерленип, аталышы жазылат;
- сүрөттөрдөгү жана графиктердеги жазуулар так жана түшүнүктүү болууга тийиш. Таблицалар жана сүрөттөр барактын ортосунда жайгашат.

Иллюстрациялардын жана таблицалардын аталыштары 12 (Times New Roman) шрифти менен терилиши керек.

УДК: 373.167.1: 13.00.02

# МЕТОД МАТЕМАТИЧЕСКОЙ ИНДУКЦИИ В ОЛИМПИАДНЫХ ЗАДАЧАХ ПО МАТЕМАТИКЕ

*Келдибекова Аида Осконовна*
*доктор педагогических наук, профессор,*
*e-mail: akeldibekova@oshsu.kg*
*ORCID: XXXX-XXXX-XXXX-XXXX*
*Ошский государственный университет*
*Ош, Кыргызстан*

*Золотарева Татьяна Анатольевна,*
*старший преподаватель,*
*e-mail: tatianazolotareva2015@mail.ru*
*ORCID: XXXX-XXXX-XXXX-XXXX*
*Ошский государственный университет*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *Математическая индукция, как метод доказательства, применяется в разноплановых олимпиадных задачах: на суммирование, на доказательство тождеств и неравенств, в задачах на делимость, на числовые последовательности, на нахождение производных функции, в задачах на разрезание и др. Его логическим основанием служит пятая из аксиом Пеано, называемая аксиомой индукции. Решения олимпиадных задач методом математической индукции базируются на одноименном принципе, содержащем поэтапные шаги: базис, предположение индукции, переход индукции. Выявлены аспекты применения метода: идейный, процессуальный, формально-логический и функционально-оценочный.*
***Ключевые слова:****. олимпиада, математика, метод, математическая индукция, задача*

# МАТЕМАТИКАЛЫК ИНДУКЦИЯ ЫКМАСЫ МАТЕМАТИКА БОЮНЧА ОЛИМПИАДАЛЫК МАСЕЛЕЛЕРДЕ

*Келдибекова Аида Осконовна,*
*педагогика илимдеринин доктору, профессор,*
*e-mail: akeldibekova@oshsu.kg*
*ORCID: XXXX-XXXX-XXXX-XXXX*
*Ош мамлекеттик университети*
*Ош, Кыргызстан*

*Золотарева Татьяна Анатольевна,*
*улук окутуучу,*
*e-mail: tatianazolotareva2015@mail.ru*
*ORCID: XXXX-XXXX-XXXX-XXXX*
*Ош мамлекеттик университети*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *Математикалык индукция, далилдөө методу катары, ар кандай олимпиадалык маселелерде: суммалоодо, теңдештиктерди жана барабарсыздыктарды далилдөөдө, бөлүнүүчүлүккө берилген маселелерде, сандык удаалаштыктарда, функциянын туундуларын табууда, бөлүүгө берилген маселелерде ж.б. колдонулат. Анын логикалык негизи индукция аксиомасы деп аталган Пеанонун 5-аксиомасы болуп саналат. Олимпиадалык маселелерди математикалык индукция методу менен чыгаруу базис, индукцияны алдын алуу, индукцияга өтүү кадамдарын камтыган бир аталыштагы*

*принципте негизделген. Бул далилдөө методунун идеологиялык, жол-жоболук, расмий-логикалык жана функционалдык-баалоочулук колдонуунун аспектилери аныкталган.*
***Ачкыч сөздөр:*** *олимпиада, математика, ыкма, математикалык индукция, маселе*

## MATHEMATICAL INDUCTION METHOD IN OLYMPIAD PROBLEMS ON MATHEMATICS

*Keldibekova Aida Oskonovna,*
*d-r of ped. sciences, professor,*
*e-mail: akeldibekova@oshsu.kg*
*ORCID: XXXX-XXXX-XXXX-XXXX*
*Osh state university,*
*Osh, Kyrgyzstan*

*Zolotareva Tatyana Anatolyevna,*
*senior lecturer*
*e-mail: tatianazolotareva2015@mail.ru*
*ORCID: XXXX-XXXX-XXXX-XXXX*
*Osh state university,*
*Osh, Kyrgyzstan*

***Abstract.*** *Mathematical induction, as a method of proof, is used in diverse Olympiad problems: on summation, on the proof of identities and inequalities, on problems of divisibility, on numerical sequences, on finding derivatives of functions, in problems on cutting, etc. Its fifth logical basis is the fifth of the Peano's axioms, called the axiom of induction. Solutions of the Olympiad problems by the method of mathematical induction are based on the principle of the same name, containing step-by-step steps: a basis, an induction hypothesis, an induction transition. Aspects of the application of the method are revealed: ideological, procedural, formal-logical, and functional-evaluative.*
***Key words:*** *Olympiad, mathematics, method, mathematical induction, problem.*

### Введение.

Текст.........

### Обсуждение и результаты исследования.

Текст.........




**Рис. 1.** Оформление рисунка в тексте статьи

**Таблица 1.** *Название таблицы*

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**Выводы.**

Текст.........

Текст.........

## Список литературы

1. Лебедева С. В. Задачи математических олимпиад для школьников // Вестник современных исследований. 2018. № 7.1 (22). С. 94-103.
2. Николаева С. А. Метод математической индукции: методическое пособие для учителей и учащихся. Ядрин, 2015. 28 с.
3. Рубанов И. С. Как обучать методу математической индукции // Математика в школе. 1996. №1. С.14 - 20.
4. Тимофеева И. Л. Несколько замечаний об изложении метода математической индукции в школьных учебниках по математике // Наука и школа. 2015. № 6. С. 59-63.